КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы

**№ 3 – Т О К Т О М У**

6-апрель 2023-жыл

**“№ 18 М.Молдалиев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин ата-энелеринин жазган кайрылууларын кароо жөнүндө”**

№ 18 М.Молдалиев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин ата-энелеринин окуучу балдары Ментальдык арифметика боюнча окуп, буга чейин мектеп окуучулар арасында райондук, областтык денгээлде математика сабагы боюнча өткөрүлгөн конкурсттарга катышышып, 2019-жылы 4 окуучу олимпиадага барып, 1 окуучу биринчи орунду ээлеп, ал эми 3 окуучу экинчи орунга ээ болушкан, 2022-жылдын 19-август айында 4 окуучу Ыссык-Көлдө өткөрүлгөн Эл аралык олимпиадага катышып, 1 окуучу күмүш медалга, 2 окуучу коло медалга ээ болгон, 2023-жылы Самарканд – 2023 Ментальдык арифметика боюнча Орто Азиянын чемпиондугуна барууга даярданып жаткан 6 окуучуга барып келүүгө жатакана тамак ашына керектелген акча каражаттарына жардам иретинде жергиликтүү бюджеттин эсебинен каражат карап берүү жөнүндөгү кайрылууларын угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. № 18 М.Молдалиев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин ата-энелеринин жазган кайрылуулары эске алынсын.

2. Аймагыбыздагы чыгаан, билимдүү окуучуларыбыздын келечеги үчүн билим сапатын мындан ары өнүктүрүүсүн колдоо максатында Самарканд – 2023 менталдык арифметика боюнча Орто Азиянын чемпиондугуна жолдомо алган алты окуучуга барып катышып келүүгө жардам иретинде 45 000 (кырк беш миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен ажыратылып берилсин.

3. Жогоруда каралган акча каражаттары менен камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновго жүктөлсүн.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык**
**кеңешинин төрагасы: ____________ Б. Кубатов**